Кыргыз
Республикасынын
Өкмөтүнүн
2011-жылдын 15-
февралындагы
№ 47 токтому менен
бекитилген

**Кызматтык жана жарандык курал-жаракты, алардын ок-дарыларын колдонууну контролдоо боюнча ички иштер органдарынын иши жана курал-жарак-оңдоо устаканаларын ачуунун тартиби жөнүндө**
**НУСКАМА**

*(КР Өкмөтүнүн 2012-жылдын 13-ноябрындагы № 770, 2013-жылдын 3-декабрындагы № 653, 2016-жылдын 17-февралындагы № 74, 2016-жылдын 14-декабрындагы № 676, 2017-жылдын 30-октябрындагы № 717 токтомдорунун редакцияларына ылайык)*

## 1. Жалпы жоболор

1. Бул Нускама Кыргыз Республикасынын "Курал-жарак жөнүндө" Мыйзамына жана Кыргыз Республикасындагы кызматтык жана жарандык курал-жаракты жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2001-жылдын 21-ноябрындагы N 721 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында кызматтык жана жарандык курал-жаракты жана анын ок-дарыларын колдонуу эрежелерине ылайык Кыргыз Республикасынын аймагында кызматтык жана жарандык курал-жаракты колдонууну ички иштер органдарынын контролдоосу боюнча ишин регламенттештирет.

2. Контролдоо-уруксат берүү функцияларын жүзөгө ашыруу менен ички иштер органдары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык:

- курал-жаракты жана анын ок-дарыларын өндүрүүгө, оңдоого, соодалоого лицензия;

- кызматтык жана жарандык курал-жаракты, алардын ок-дарыларын сатууга, сатып алууга, сактоого, алып жүрүүгө, пайдаланууга, коллекциялоого, экспонаттоого, ташууга, алып келүүгө жана алып чыгууга (5, 6, 9, 10, 12, 13, 14-тиркемелер) уруксат берет, аларды колдонуунун белгиленген эрежелеринин сакталышын контролдойт.

Кыргыз Республикасынын аймагында кызматтык жана жарандык катары колдонууга уруксат берилген курал-жарак Кыргыз Республикасынын "Курал-жарак жөнүндө" Мыйзамында аныкталат.

3. Ички иштер органдары курал-жаракты колдонууну контролдоо боюнча өздөрүнө жүктөлгөн функцияларды жүзөгө ашырууда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык төмөнкү укуктарга ээ болот:

- курал-жаракты жана ал өндүрүлгөн, сатылган, сакталган жана пайдаланылган жерди карап чыгууну жүргүзүүгө;

- юридикалык жана жеке жактардан контролдук функцияларды аткаруу үчүн зарыл болгон тийиштүү документтерди жана жазуу же оозеки маалымат берүүнү талап кылууга;

- укук бузуулар айкындалганда мындай укук бузууларды четтетүү жөнүндө жарандардын жана кызмат адамдарынын аткаруусу үчүн милдеттүү жазуу жүзүндөгү эскертүү берүүгө;

- негиздер болсо лицензиянын колдонулушун токтото туруууга же алып коюуга, уруксат берүүнү жокко чыгарууга, курал-жаракты алып коюуга, курал-жаракты колдонууга байланышкан ишканалардын, уюмдардын жана мекемелердин ишине тыюу салууга;

- мыйзамдарда каралган башка чараларды көрүүгө.

## 2. Курал-жаракты сатууну контролдоо

4. Кызматтык жана жарандык курал-жаракты жана алардын ок-дарыларын сатууну жүзөгө ашырууга төмөнкүлөр укуктуу:

а) курал-жаракты иштеп чыгууну, сыноону жана өндүрүүнү жүргүзгөн ишканалар - Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги берүүчү өндүрүүгө лицензиялардын негизинде;

б) юридикалык жак статусуна ээ болгон, курал-жаракты жана анын ок-дарыларын сатууну жүзөгө ашыруу үчүн атайын түзүлгөн соода ишканалары (дүкөндөр) - Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги (мындан ары - Кыргыз Республикасынын ИИМи) берүүчү соодалоого лицензиялардын негизинде;

в) ишканалар, уюмдар жана мекемелер, Кыргыз Республикасынын жарандары жана чет өлкөлүк жарандар аларда мыйзамдуу негизде болгон курал-жаракты ички иштер органдарынын тийиштүү жолдомосун алгандан кийин адистештирилген соода ишканалары аркылуу сатууга укуктуу болушат.

5. Курал-жаракты жана анын ок-дарыларын соодалоого лицензия эки жылдык мөөнөткө берилет.

Арыз ээси сатуу пландаштырылган курал-жарактын түрлөрү жана сооданын коопсуздугун, курал-жарактын толук эсебин алууну жана сатылышын камсыз кылуу боюнча көрүлгөн чаралар жөнүндө маалыматтарды көрсөтүүгө милдеттүү. Арыз менен бирге ишкананын уюштуруучу (устав, уюштуруу келишими ж.б.) жана каттоо документтеринин көчүрмөлөрү берилет.

6. Курал-жаракты жана анын ок-дарыларын сатуу боюнча ишкананын иштөөсүнө бул Нускаманын талаптарына ылайык атайын жай (дүкөн) жабдылган шартта гана жол берилет (1-тиркеме).

Курал-жаракты жана анын ок-дарыларын алардын кошумча товарлары менен кошо сатууга жол берилет.

7. Имарат жайдын билдирилген курал-жаракты жана анын ок-дарыларын сатууга жарактуулугун аныктоо комиссия тарабынан жүргүзүлөт, анын курамына ички иштер органдарынын, өрт көзөмөлүнүн жана изилденген ишкананын өкүлдөрү кирет. Имарат жайдын жарактуулугу жөнүндө кабыл алуу актысы түзүлөт.

8. Кабыл алуу актысында бул имарат жайда сактоого уруксат берилген курал-жарактын жана анын ок-дарыларынын максималдуу саны аныкталууга тийиш.

Улай курулган дүкөндөрдө түтүндүү ок-дарынын бирден ашпаган ящиги (50 кг), түтүнсүз ок-дарынын бир ящиги (50 кг) жана 15000 дүрмөттүү ок сактоого уруксат берилет. Дүкөн өзүнчө турган капиталдуу имаратта жайгашкан учурларда көрсөтүлгөн ок-дарынын жана дүрмөттүү октордун саны өрткө каршы коопсуздуктун жана имарат жайдын техникалык мүмкүнчүлүктөрүнүн нормаларына жараша ички иштер органдарынын уруксаты менен көбөйтүлүшү мүмкүн.

Курал-жарак бирдиктеринин максималдуу саны аны сактоо үчүн бөлмөнүн техникалык мүмкүнчүлүктөрү менен аныкталат.

9. Курал-жаракты өндүрүүнү же сатууну жүргүзгөн ишкана (мындан ары - берүүчү ишканалар) төмөнкүлөргө милдеттүү:

а) курал-жаракты жана анын ок-дарыларын ички иштер органдарынын тийиштүү уруксаты боюнча гана Кыргыз Республикасынын аймагында сатып алууга, чет өлкөлөрдөн ташып келүүгө.

Сатып алууга уруксат ишканага сактоого уруксат берилген курал-жарактын максималдуу санын так эске алуу менен берилет.

Курал-жаракты көптөгөн санда сатып алууга ал үчүн тийиштүү шарттарга ээ болгон башка уюм менен сактоо келишими таризделген шартта гана жол берилет;

б) сатуу үчүн келип түшкөн жана сатылган курал-жарактын эсеби эсепке алуу китепчеси боюнча жүргүзүүгө (2 жана 3-тиркемелер), алардын барактарына номер коюлат, шнурланат жана ички иштердин аймактык органынын мөөрү басылып бекитилет. Ишкана ишин токтоткон учурда эсепке алуу китепчеси ички иштер органдарына тапшырылат;

в) жарандарга жана ишканалардын, уюмдардын, мекемелердин өкүлдөрүнө курал-жаракты ички иштер органдары тарабынан берилүүчү тийиштүү уруксаттардын негизинде гана сатууга (сатып алууга уруксат талап кылынбаган аэрозоль таңгактарынан жана пневматикалык курал-жарактан башкалар).

Миздүү мергенчи куралы мергенчилик ок атуучу курал-жаракты сактоого жана алып жүрүүгө уруксат болгондо гана сатылат.

Ок-дарылар курал-жарактын тийиштүү түрлөрүн сактоого жана алып жүрүүгө уруксаттын негизинде сатылат;

д) кызматтык жана жарандык сайлуу дүрмөттүү, ошондой эле травмалык таасир этүүчү патрондору бар сайсыз дүрмөттүү куралды аны контролдук атып көрүүдөн жана атылган октору менен гильзаларын Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Эксперттик-криминалисттик борборунун ок-гильзатекасына жибергенден кийин гана сатууга;

д) сайлуу ок атуучу курал-жаракты аны контролдук атып көрүүдөн кийин гана сатууга жана атылган окторду жана гильзаларды Кыргыз Республикасынын ИИМинин эксперттик-криминалдык борборунун окгильзатекасына жиберүүгө;

е) сатылып алынган жана сатылган курал-жарактын эсебин алууну, ошондой эле эсебин алуу документтерин 10 жыл сактоону камсыз кылууга;

ж) ички иштер органдарына бардык сатылган ок атуучу курал-жарак жана аны сатып алуучулар жөнүндө ай сайын маалымат берүүгө;

з) курал-жарактын сакталышын жана аны сактоонун коопсуздугун камсыз кылууга.

10. Жарандардын жана ишканалардын, уюмдардын, мекемелердин өкүлдөрүнөн курал-жаракты сатууга кабыл алууга курал-жарак соодасы боюнча ишкана тарабынан ички иштер органынын жолдомосу (4-тиркеме) жана курал-жарак тапшырган жарандын инсандыгын күбөлөндүргөн документтер болгон учурда кабыл алынат.

Курал-жарак анын сатылгандыгын ырастоочу документтер көрсөтүлгөндө гана ички иштер органдарындагы эсепке алуудан алынып салынат.

11. Ички иштер органдарынын кызматкерлери курал-жарак сакталган жайларды (курал-жарак бөлмөлөрүн), курал-жаракты соодалоо боюнча ишкананын имарат жайын карап чыгууну жүргүзүүгө, курал-жаракты сатып алуунун жана сатуунун эсеби журналы менен таанышууга, курал-жаракты сатып алуу жана сатуу үчүн негиз болуп саналган документтерди, башка документтерди жана курал-жаракты колдонууну контролдоону жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон маалыматтарды көрсөтүүнү талап кылууга укуктуу болот.

Курал-жаракты сатуу боюнча ишканалардын ишин уюштурууну текшерүү ички иштер органдарынын кызматкерлери тарабынан жылына кеминде бир жолу көчүрмөсү ишкананын жетекчилигине берилген текшерүү актысын түзүү менен жүргүзүлөт.

12. Курал-жаракты сатуунун эрежелерин бузуулар айкындалганда ички иштер органдары аларды четтетүү жөнүндө милдеттүү аткарылуучу көрсөтмөлөрдү беришет, курал-жаракты сактоо үчүн бөлмөнү мөөр басып бекитүү укугуна ээ болушат.

Курал-жаракты сатууну кайра жаңыртуу бөлмөнү мөөр басып бекиткен ички иштер органынын чечими боюнча жүзөгө ашырылат.

## 3. Курал-жаракты ишканалардын, уюмдардын жана мекемелердин сатып алуусун, сактоосун, эсепке алуусун, пайдалануусун, берүүсүн жана ташуусун контролдоо

13. Кызматтык жана жарандык курал-жаракты сатып алуу укугуна өзгөчө уставдык милдеттери бар ишканалар, уюмдар, мекемелер ээ болушат, аларга төмөнкүлөр кирет:

а) Кыргыз Республикасынын мыйзамдык актылары менен жүктөлгөн милдеттерин аткаруусун камсыз кылуу максатында кызматкерлерине курал-жарак алып жүрүүгө уруксат берилген мамлекеттик мекемелер, ишканалар жана уюмдар.

Мамлекеттик мекемелер, ишканалар жана уюмдар курал-жаракты ведомствого караштуу ишканаларда, уюмдарда жана мекемелерде пайдалануунун тууралыгы нормаларын жана тартибин Кыргыз Республикасынын ИИМи менен макулдашат;

б) ок атуучу курал-жарак ишканалардын, уюмдардын, мекемелердин персоналдарына кызматкерлер тийиштүү кызматтык милдеттерин жүзөгө ашыруу мезгилинде берилет жана жумушчу сменасы аяктагандан кийин белгиленген тартипте тапшырылууга тийиш.

14. Спорттук курал-жаракты сатып алуу укугу белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилеген тартипке ылайык жабдылган ок атуучу жайлары, ок атуучу тирлери бар же ижарага алынган спорт уюмдарына гана берилет.

15. Курал-жаракты сатып алууга уруксат алуу үчүн ишканалар, уюмдар, мекемелер (мындан ары - ишканалар) ички иштер органдарына өздөрүнүн уюштуруучу документтерин, курал-жарак ээлөөгө жол берилген кызматкерлердин факты жүзүндө болгон санына эсептелген курал-жарактын айкын-ачык түрлөрүн жана санын, ошондой эле окуу максаттары үчүн сатып алуунун зарылдыгы, анын сакталышын камсыз кылуу боюнча көрүлгөн чаралар негизделген арызын беришет.

16. Ок атуучу курал-жаракты сактоо үчүн имарат жай ушул нускаманын талаптарына ылайык жабдылат.

Курал-жарактын калган түрлөрүн (газ, пневматикалык, миздүү) коопсуздуктун зарыл болгон чараларын эске алуу менен жабдылган, өзүнчө жайларда турган сейфтерде же металл шкафтарда сактоого жол берилет.

17. Уруксат берүү жөнүндө арыз буга ыйгарым укук берилген ички иштер органы тарабынан арыз берилген күндөн тартып бир айдын ичинде каралат. Терс чечим чыккан учурда арыз ээсине жүйөлүү жазуу жүзүндөгү баш тартуу жиберилет.

18. Уруксат курал-жарактын ачык-айкын түрүн жана санын сатып алууга алты айлык мөөнөткө берилет.

19. Кызматтык жана жарандык курал-жарак ишканалар, уюмдар жана мекемелер тарабынан берүүчү ишканалардан ички иштер органдары берген уруксаттар боюнча сатып алынат.

20. Мамлекеттик аскерлештирилген уюмдар берүүнү ишканаларга кызматтык курал-жаракты жана анын ок-дарыларын ички иштер органдары берген уруксаттар боюнча сатуу укугуна ээ болушат.

21. Ишкана сатып алган курал-жарак ички иштердин аймактык органында сатып алынган күндөн тартып эки жумалык мөөнөттө катталууга тийиш. Каттоо учурунда ишканага бул курал-жаракты үч жылдык мөөнөттө сактоого жана пайдаланууга уруксат берилет.

22. Ишканаларга курал-жаракты сактоого укук берүү үчүн төмөнкүлөр негиз болуп саналат:

а) курал-жаракты ишенимдүү сактоо үчүн шарттардын болушу (имарат жайдын, коргоонун техникалык каражаттарынын сыпатталышы, күзөттүн болушу).

Ички иштер органдарынын жана кызыкдар уюмдардын өкүлдөрү кирген комиссия түзгөн имарат жайдын жарактуулугу жөнүндөгү акт;

б) ишкананын жетекчисинин өтүнүч каты, анда сатып алынган курал-жарактын саны жөнүндө маалыматтар көрсөтүлөт (ар бир бирдиктин түрү, модели, сериясы жана номери, чыгарылган жылы).

Өтүнүч катка ишкананын жетекчисинин курал-жарактын жана ок-дарылардын сакталышы үчүн жооптуу кызмат адамын дайындоо жөнүндө буйругунун көчүрмөсү, курал-жаракты алууга, сактоого, эсебин алууга, ташууга түздөн-түз байланышкан адамдардын тизмеси тиркелет.

Мындай иштерге жол берүү жарандык курал-жаракты сатып алууга уруксат алууга тоскоолдук кылган негиздер жок учурда жүзөгө ашырылат.

23. Курал-жаракты сактоого уруксат ишкананын жетекчисинин атына ички иштер органы тарабынан берилет. Ишкананын жетекчиси алмашкан, уруксаттын мөөнөтү аяктаган, ишкананын дареги, аталышы, курал-жарак сакталган жер же анын саны өзгөргөн учурда уруксат он күндүк мөөнөттө ички иштер органында кайра таризделүүгө тийиш.

24. Өзгөчө уставдык милдеттери бар ишкананын кызматкерине курал-жарак берүү ишкананын жетекчисинин чечими боюнча кызматкер тийиштүү даярдыктан, ички иштер органдарында текшерүүдөн жана курал-жаракты сактоого жана алып жүрүүгө укук алгандан кийин жүзөгө ашырылат. Уруксатта "Кызматтык милдеттерин аткарууда жарактуу" штампы коюлат.

Жекече детективдерди жана күзөтчүлөрдү кошпогондо ишканалардын кызматкерлерин окуп-үйрөтүү Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекитүүчү программа боюнча атайын курстарда жүзөгө ашырылат.

Ички иштер органдары мындай кызматкерлердин ок атуучу курал-жаракты колдонууга байланышкан шарттарда аракетке жарактуулугун мезгил-мезгили менен текшерүүлөрдү өткөрүшөт. Текшерүүлөрдү өткөрүүнүн тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

24-1. Мергенчилик ишканалар жана уюмдар аларга катталган куралды Кыргыз Республикасында аңчылык кылуучу чет өлкөлүк жарандарга мергенчилик ишкана жана уюм менен түзүлгөн контракттын (келишимдин) негизинде аңчылык үчүн убактылуу пайдаланууга берүүгө укуктуу.

Чет өлкөлүк жаранга мергенчилик дүрмөттүү куралды убактылуу пайдаланууга берүү ниети жөнүндө ишкана жана уюм Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарына жазуу жүзүндө, чет өлкөлүк жарандын ким экенин билдирүүчү документтерди, анын өлкөсүнүн найдын тийиштүү типтеги сайы бар мергенчилик дүрмөттүү куралды сактоого, алып жүрүүгө жана пайдаланууга укугу жөнүндө уруксатынын белгиленген тартипте которулуп жана күбөлөндүрүлгөн копияларын тиркөө менен билдирүүгө милдеттүү.

*(КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 17-февралындагы № 74 токтомунун редакциясына ылайык)*

25. Курал-жаракты жана ок-дарыларды пайдалануучу ишканаларда төмөнкүлөр дайыма жүргүзүлүүгө тийиш:

- курал-жарактарды жана ок-дарыларды эсепке алуу китептери (7-тиркеме), алар номер коюлуп, шнур өткөрүлүп жана ички иштер аймактык органынын мөөрү басылып бекитилет;

- курал-жаракты, ок-дарыларды берүү жана кабыл алуу китептери (8-тиркеме), алар номер коюлуп, шнур өткөрүлүп жана ички иштер аймактык органынын мөөрү басылып бекитилет.

26. Сайлуу стволдуу ок атуучу куралды контролдук атып көрүүлөр Кыргыз Республикасынын ИИМи аныктаган тартипте ар бир беш жылда жүргүзүлөт.

27. Ички иштер органдарынын кызматкерлери курал-жаракты сактоочу жана пайдалануучу ишканаларды учурдагы текшерүүлөрдү жылына кеминде бир жолу акт түзүү менен жүргүзүшөт, анын көчүрмөсү ишкананын жетекчисине берилет.

Курал-жаракты сактоого уруксатты тариздөөдө (колдонулушунун мөөнөтүн узартууда) ишкана мурда жүргүзүлгөн учурдагы текшерүүлөрдүн мөөнөттөрүнө карабастан, ички иштер органдарынын кызматкерлери тарабынан изилденет.

28. Ишканага таандык ок атуучу курал-жаракты жана анын ок-дарыларын аба, темир жол, суу, автомобиль транспорту менен ташуу ички иштер органдарынын уруксаты боюнча жүзөгө ашырылат. Мындай ташуу бир шаардын, райондун чегинде жүргүзүлгөн учурларда ички иштер органдарынын уруксаты талап кылынбайт.

29. Ок атуучу курал-жарактын (5 же андан ашуун бирдик) жана анын ок-дарылары (400 жана андан ашуун бирдик) партиясын темир жол, суу, автомобиль транспорту менен ташууда бүткүл жол бою ок атуучу курал-жарак менен куралданган 2 адамдан кем эмес сандагы күзөт коштоого тийиш.

Курал-жарак жана анын ок-дарыларынын партиясын кайтаруусуз ташууга таптакыр тыюу салынат.

Курал-жаракты жана ок-дарылардын ири партияларын ташууга уруксат берген ички иштер органы курал-жарак ташыган транспорттун кыймылынын маршруту боюнча тийиштүү ички иштер органдарына маалымат берет.

Курал-жарак жана ок-дарылар аларды ташуу үчүн ыңгайлаштырылган идиштерге салынууга тийиш, ал мөөр басылып же пломбаланып бекитилет.

30. Темир жол жана суу катнашы боюнча кол жүгү менен ташылган ок-дарылардын, порохтун саны төмөнкүдөй салмактан ашпоого тийиш:

- ок атуучу куралдын бардык калибрдеги октору - 10 кг;

- түтүнсүз порохтун жана андан жасалган буюмдар - 10 кг;

- түтүндүү порохтон жасалган буюмдар - 5 кг;

- түтүндүү порох - 5 кг.

Кол жүгүн ташууга уруксатта жүк неттосу гана көрсөтүлөт (металл гильзалары, ящиктер ж.б. жүктүн салмагына кирбейт).

31. Ок атуучу курал-жаракты жана анын ок-дарыларынын партияларын аба транспорту менен ташуу ташуучунун макулдугу менен ички иштер органдарынын уруксаты боюнча жүзөгө ашырылат.

Курал-жарак аба транспорту менен жүк, багаж, отсектеринде гана бекитилген жана катуу таңгагы пломбирленген таңгактарда гана ташылат.

Күзөт таңгакталган курал-жаракты ташуучуга жөнөтүү пунктунда тапшырат жана аны жеткирүү пунктунда кабыл алат. Аба транспортунда ташууда жүктүн сакталышын мыйзамдарга ылайык ташуучу камсыз кылат.

32. Ташууга уруксат курал-жаракты жана ок-дарыларды ташуучу ишкана тейлөө аймагында турган ички иштер органдары тарабынан үч айлык мөөнөткө берилет.

33. Ок атуучу курал-жаракты жана анын ок-дарыларды ташууга уруксат ишкананын жетекчисинин жазуу жүзүндөгү өтүнүчүнүн негизинде берилет, анда төмөнкүлөр көрсөтүлөт: ташылган жүктүн аталышы, саны, транспорттун түрү, транспорттоонун маршруту, баштапкы жана акыркы пункту, ошондой эле ташуу жана ташуу жолунда жүктү кайтаруу үчүн жооптуу адамдардын аты-жөнү, паспортторунун сериялары жана номерлери, үй даректери, күзөттүн куралынын түрү. Өтүнүчкө тизме тиркелет, анда курал-жарактын ар бир бирдигинин түрү, модели, калибри, сериясы жана номери көрсөтүлөт.

34. Ок атуучу курал-жарак ташуу учурунда дүрмөттөлбөгөн жана ок-дарылардан өзүнчө таңгакталган абалда болууга тийиш.

35. Аткычтар мелдештери үчүн дайындалган курал-жаракты жана ок-дарыларды ташууга уруксат спорттук уюм турган жер боюнча ички иштер органдары тарабынан берилет.

36. Спорттук командалардын жетекчилери аткычтар мелдештерин өткөрүү жерине келгенден кийин алар алып келген курал-жаракты жана ок-дарыларды атайын жабдылган жайга убактылуу сактоого токтоосуз тапшырууга милдеттүү. Курал-жаракты жана ок-дарыларды спорт делегациялары жайгашкан жайларда: мейманканаларда, жатаканаларда, эс алуу жайларында сактоого тыюу салынат. Мелдештер (жыйындар) мезгилинде командалардын жетекчилери күн сайын курал-жарактын сактыгын текшерүүгө милдеттүү.

Спорттук ок атуучу курал-жарактын жалгыз экземплярларын ташуу зарыл болгон учурда мелдешке катышуу үчүн ички иштер органдары тарабынан спорттук уюмдун жетекчилеринин өтүнүчүнүн негизинде машыктыруучунун же спортсмендин жоопкерчилиги алдында ташууга уруксат берилет.

## 4. Кыргыз Республикасынын жарандарынын курал-жаракты сатып алуусун, сактоосун, алып жүрүүсүн жана ташуусун контролдоо

37. Жарандык курал-жаракты сатып алуу укугуна Кыргыз Республикасынын 20 жашка чыккан жараны ээ болот.

38. Өзүн коргоо курал-жарагы (аэрозоль түзүлүштөрүн кошпогондо), аңчылык курал-жарактын ачык-айкын түрүн көрсөтүү менен алты айлык мөөнөткө берилүүчү уруксат боюнча сатылып алынат.

Кыргыз Республикасынын жараны сатып алган сайлуу стволдуу аңчылык ок атуучу курал-жарагынын жалпы саны эки бирдиктен, жылмакай стволдуу ок атуучу курал-жарактыкы - эки бирдиктен ашпоого тийиш, курал-жарактын саналган түрлөрү коллекциялоо объекти болуп саналган учурларды кошпогондо.

39. Жаран аңчылык ок атуучу жылмакай стволдуу курал-жаракты сатып алууга уруксат ала турган жашка жетишүү курагы Кыргыз Республикасынын "Курал-жарак жөнүндө" Мыйзамында аныкталган тартипте төмөндөтүлүшү мүмкүн.

40. Найы сайлуу мергенчилик дүрмөттүү куралды "Курал жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында аныкталган адамдар алуу укугуна ээ.

*(КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 17-февралындагы № 74 токтомунун редакциясына ылайык)*

41. Аңчылык миздүү курал ок атуучу курал-жаракты сактоого жана алып жүрүүгө уруксаты бар жарандар тарабынан сатып алынышы мүмкүн.

42. Аэрозоль түзүлүштөрү жана атылуу күчүнүн энергиясы 7,5 Дж. жана калибри 4,5 мм пневматикалык курал-жарагын кошо жарандар уруксатсыз сатып алышат.

43. Курал-жаракты сатып алуу укугуна уруксат алуу үчүн жаран тийиштүү ички иштер органына белгиленген форма боюнча жазуу жүзүндө арыз (11-тиркеме), ден соолугунун абалы жөнүндө медициналык маалымкат, Кыргыз Республикасынын жарандыгын ырастаган документ, 3х4 өлчөмүндөгү фотокарточкасын, мамлекеттик мергенчилик күбөлүгүн берүүгө милдеттүү.

*(КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 17-февралындагы № 74 токтомунун редакциясына ылайык)*

44. Жарандык курал-жаракты сатып алууга уруксат төмөнкү жарандарга берилбейт:

- Кыргыз Республикасынын "Курал-жарак жөнүндө" Мыйзамында белгиленген жаш курагына жетпеген;
- курал-жарак ээлөөгө терс көрсөтмөлөрү жоктугу жөнүндө медициналык корутунду бербеген;
- соттуулугу бар;
- кылмыш жасагандыгы үчүн жазасын өтөп жаткан;
- коомдук тартипти же белгиленген башкаруу тартибин бузууга байланышкан администрациялык укук бузууну жыл ичинде кайталап жасаган;
- туруктуу жашаган жери болбогон;
- курал-жаракты коопсуз колдонуу эрежелерин билүүсү текшерүүдөн өткөндүгүн ырастаган документтерди жана Кыргыз Республикасынын "Курал-жарак жөнүндө" Мыйзамында көрсөтүлгөн документтерди ички иштер органына бербеген;
- анын үй-бүлөлүк зомбулук жасагандыгынын фактысы боюнча ага карата сот актысы бар.

*(КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 30-октябрындагы № 717 токтомунун редакциясына ылайык)*

45. Ички иштер органдары зарыл болгон учурда жарандык курал-жаракты сатып алууга уруксат берүү жөнүндө чечим кабыл алуу үчүн, анын ичинде төмөнкүлөр аркылуу кабыл алуу үчүн арыз ээси берген маалыматтарды текшерет жана аныктыгын белгилейт:

- соттуулугунун жана башка жаманатты кылуучу материалдардын болушу жөнүндө Кыргыз Республикасынын ИИМинин тийиштүү маалыматтык борборлору системасына суроо-талаптар;

- арыз ээсинин алардын эсебинде тургандыгы жөнүндө наркологиялык жана психоневрологиялык диспансерлерге суроо-талаптар.

46. Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен ок атуучу куралдар алып жүрүүгө жана сактоого укук берилген мамлекеттик аскерлештирилген уюмдардын кызматкерлерине жарандык курал-жаракты сатып алууга уруксат саламаттыгынын абалы жөнүндө маалыматтар берүүсүз жана соттуулугун текшерүүнү жүргүзүүсүз таризделет.

47. Жарандык курал-жаракты сатып алуу аны сатып алган күндөн тартып эки жумалык мөөнөттө ички иштер органдарында катталууга жатат.

Миздүү аңчылык куралы ички иштер органдарында катталбайт, ок атуучу курал-жаракты сактоого жана алып жүрүүгө уруксат аны алып жүрүү үчүн негиз болуп берет.

Аэрозолдук жана башка түзүлүштөр атылуу күчүнүн энергиясы 7,5 Дж ашык жана калибри 4,5 мм болгон пневматикалык куралы менен кошо катталууга жатпайт.

48. Уруксат боюнча сатылып алынган жарандык курал-жаракты каттоодо жаранга ички иштер органдары тарабынан курал-жаракты сатып алуунун мыйзамдуулугун ырастаган документтин негизинде үч жылдык мөөнөткө сактоого жана алып жүрүүгө уруксат берилет.

49. Курал-жаракты сактоого уруксатты узартуу үчүн ээлик кылуучу уруксаттын колдонулушунун мөөнөтү аяктаганга чейин бир ай мурда аймактык ички иштер органына саламаттыгынын абалы жөнүндө медициналык маалымкатты берүүгө милдеттүү.

Куралды сактоого уруксатты узартууда, көрсөтүлгөн документтердин жасалма экендигине шектенүү пайда болгон, ошондой эле куралдын ээси кылмыш-жаза же административдик жоопкерчиликке тартылгандыгы тууралуу маалымат болгон учурда ушул Нускаманын 44 жана 45-пункттарында каралган текшерүү жүргүзүлөт.

Атууга жараксыз абалга келген ок атуучу курал-жарак катталбайт жана ал жок кылуу үчүн ички иштер органдарына акысыз тапшырылат же курал-жарак устаканасында атууга жол бербеген абалга келтирилет жана эсепке алуудан чыгарылат.

*(КР Өкмөтүнүн 2012-жылдын 13-ноябрындагы N 770 токтомунун редакциясына ылайык)*

50. Белгиленген тартипте ок атуучу курал-жарак менен сыйланган адамдарга Кыргыз Республикасынын ИИМи "сыйлыкка берилген" деген белгиси бар колдонуу мөөнөтү көрсөтүлбөгөн сактоо жана алып жүрүү уруксатты берет.

51. Сыйлыкка берилген курал-жаракты сактоого уруксат алуу үчүн ээлик кылуучу тарабынан ички иштер органына төмөнкүдөй документтер берилет:

- курал-жарак менен сыйлоо жөнүндө документтин түп нускасы же белгиленген тартипте күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү;

- карточка-арыз;

- катталуусу бар паспорттун көчүрмөсү;

- 3х4 см өлчөмүндөгү эки фотокарточка.

Мамлекеттик аскерлештирилген уюмдардын кызматкерлериндеги сыйлык курал-жарак офицердин инсандыгынын күбөлүгүнө жазылууга жана аны сактоого жана алып жүрүүгө уруксат берүү менен бирге ички иштер органында белгиленген тартипте тариздeлүүгө тийиш.

52. Жарандарга таандык курал-жарак жана анын ок-дарылары ээси жашаган жерде алардын сакталышын, сактоонун коопсуздугун камсыз кылган жана башка адамдардын аны алуусун жокко чыгарган шарттарды камсыз кылган шарттарда сакталууга тийиш. Курал-жарактын сакталышы үчүн анын ээси жоопкерчиликтүү болот.

Ок атуучу курал-жаракты жана анын ок-дарыларын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралгандан башка учурларда башка адамдарга берүүгө тыюу салынат.

Чет өлкөлүк жарандар аңчылыктын учурунда мергенчилик ишкананын жана уюмдун мергенчилик куралын ошол курал бекитип берилген, Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын найдын тийиштүү типтеги сайы бар мергенчилик дүрмөттүү куралды сактоого, алып жүрүүгө жана пайдаланууга укугу жөнүндө жарактуу уруксаты жана мергенчилик ишкана жана уюм менен түзүлгөн контракты (келишими) бар адамдын катышуусунда убактылуу пайдаланууга укуктуу

Жарандарга чогулуштарды өткөрүүдө курал алып жүрүүгө, алкоголго, баңгизатка же токсикомандык мас абалында курал алып жүрүүгө, билим берүү жана саламаттык сактоо уюмдарынын, алкоголдуу продукцияны сатуучу коомдук тамактануу уюмдарынын аймактарында, ошондой эле мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жайгашкан имараттарда курал алып жүрүүгө тыюу салынат.

*(КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 3-декабрындагы N 653, 2016-жылдын 17-февралындагы № 74 токтомдорунун редакцияларына ылайык)*

53. Ички иштер органдарында ок атуучу курал-жаракты бир ээсинен экинчисине берүү документтерин тариздөөгө тыюу салынат. Бул берилип жаткан курал-жарак эсепке алынган жер боюнча лицензиялык-уруксат берүү ишинин кызматкери тарабынан курал-жарактын ээсинен жана курал-жарактын мындай түрүн сатып алууга ички иштер органдарынын уруксатына ээ болгон адамдын катышуусунда жүзөгө ашырылат. Ошол учурда берилип жаткан курал-жарактын маркасы, калибри жана номери уруксатка жана сатып алууга уруксаттын дубликатына жазылат. Жазуулар органдын начальнигинин колу жана мөөрү менен күбөлөндүрүлөт. Уруксат берүү дубликаты жашаган жери боюнча курал-жаракты эсепке алуу үчүн жаңы ээсине кайтарылып берилет. Ошону менен бир убакта эле курал-жаракты өткөрүп берүүнүн негизинде курал-жаракты эсепке алуудан чыгаруу жөнүндө курал-жарактын ээлеринин эсепке алуу журналына тийиштүү жазуулар киргизилет.

54. Жарандарга таандык курал-жарактын сакталышын камсыз кылууга, аны сактоонун жана пайдалануунун эрежелерин бузууга бөгөт коюуга контролду жүзөгө

ашыруу максатында ички иштер органдарынын кызматкерлери ээлеринин жашаган жери боюнча курал-жаракты сактоонун шарттарын текшерүүгө укуктуу болушат. Курал-жарактын сакталышын камсыз кылуу боюнча ички иштер органдарынын кызматкерлеринин көрсөтмөлөрү анын ээлери үчүн милдеттүү.

Ок атуучу курал-жаракты сактоонун шарттарын текшерүү ички иштер органдарынын кызматкерлери тарабынан курал-жаракты сатып алууга уруксатты тариздөөдө, аны сактоого жана алып жүрүүгө уруксаттын колдонулуу мөөнөтүн узартууда, ошондой эле зарылдыгына жараша, бирок жылына бир жолудан кем эмес жүргүзүлөт. Текшерүүнүн натыйжалары жөнүндө акт түзүлөт.

55. Курал-жаракты ташууну ээси кабына салынган жана дүрмөтсүз абалында, аны сактоого жана алып жүрүүгө ички иштер органдарынын уруксаты болгондо жүзөгө ашырат. Курал-жаракты салып жиберүүгө тыюу салынат.

56. Курал-жарактын ээси жашаган жерин алмаштырган учурда жаңы жашаган жеринин дарегин көрсөтүү менен курал-жаракты эсепке алуудан чыгаруу жөнүндө арызы менен ички иштер органдарына кайрылууга милдеттүү. Жаңы жашаган жерине келгенден кийин курал-жарактын ээси он күндүк мөөнөттө тийиштүү ички иштер органына андагы болгон курал-жаракты эсепке коюуга милдеттүү.

57. Курал-жарак жоготулган же уурдалган учурда ээси бул жөнүндө ички иштер органына токтоосуз билдирүүгө милдеттүү.

58. Курал-жаракты сатып алуу, сактоо, алып жүрүү, ташуу жана пайдалануунун белгиленген эрежелерин бузгандыгы үчүн күнөөлүү адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартылышат.

## 5. Курал-жаракты алып келүүнү жана алып чыгууну контролдоо

59. Курал-жаракты жана ок-дарыларды чет өлкөлөрдө сатып алууну жана Кыргыз Республикасынын аймагына алып келүүнү, ошондой эле Кыргыз Республикасынан алып чыгууну Кыргыз Республикасынын ИИМинин тийиштүү уруксатын алгандан кийин өндүрүү жана соодалоо лицензиясынын негизинде берүүчү ишкана жүзөгө ашырат.

Кыргыз Республикасынын аймагына берүүчү ишканалардын курал-жарактын жана ок-дарылардын жалгыз экземплярларын технологиялык сыноолорду өткөрүү же көрсөтмө иш-чаралары үчүн алып келүүсү Кыргыз Республикасынын ИИМи берүүчү уруксаттар боюнча жүзөгө ашырылат.

60. Чет өлкөлүк жарандар жарандык курал-жаракты Кыргыз Республикасынын ИИМи берген уруксат боюнча алар жарандары болуп саналган мамлекеттердин өкүлчүлүктөрүнүн өтүнүчтөрүнүн негизинде, курал-жаракты сатып алган күндөн тартып беш күндөн кечиктирбестен Кыргыз Республикасынан курал-жаракты алып чыгуу шартында сатып ала алышат.

61. Аңчылык жана спорт курал-жарагы чет өлкөлүк жарандар тарабынан Кыргыз Республикасынын аймагына тийиштүүлүгүнө жараша аңчылыкка контракт же спорттук иш-чараларга катышуу үчүн чакыруулар жана Кыргыз Республикасынын ИИМинин уруксаты болгондо алып келиниши мүмкүн. Курал-

жарак контрактта же чакырыкта аныкталган же уруксатта көрсөтүлгөн мөөнөттөрдө алынып келүүгө тийиш.

Чет өлкөлүк жарандардын жекече коопсуздугун камсыз кылуу, башка жарандардын өмүрүн жана саламаттыгын, алардын менчигин коргоо, жүктөрдү коштоп жүрүүнү камсыз кылуу жана эгерде Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдеринде каралбаса, ушул пункттун биринчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн башка максаттарда чет өлкөлүк жарандардын курал-жарактын бардык түрлөрүн, типтерин жана моделдерин алып келүүсүнө жана пайдалануусуна тыюу салынат.

62. Спорт, аңчылык, өзүн коргоонун газ курал-жарагынын жалгыз экземплярларын, пневматикалык жана миздүү куралдарды Кыргыз Республикасынын аймагына алып келүү жана Кыргыз Республикасынан алып чыгуу Кыргыз Республикасынын ИИМи берген уруксаттар боюнча жүргүзүлөт.

## 6. Курал-жаракты-оңдоо устаканаларын ачуу жана иштөө тартиби

63. Курал-жаракты оңдоого лицензия берүү үчүн жарандардын арызы же устакананы ачып жаткан уюмдун жетекчисинин жооптуу адам жана устаканада иштей турган адамдар жөнүндө маалыматтары (аты-жөнү, туулган жылы жана жери, жашаган жеринин дареги) көрсөтүлгөн өтүнүчү негиз болуп берет. Өтүнүчкө имарат жайды кабыл алуу жөнүндө комиссиянын актысы тиркелет.

64. Имарат жайдын анда курал-жарак-оңдоо устаканасынын иштеши үчүн жарактуулугун ички иштер органдарынын, өрт көзөмөлүнүн жана устакананы ачып жаткан уюмдун өкүлдөрүнүн курамындагы комиссия аныктайт.

65. Курал-жарак-оңдоо устаканасында курал-жаракты сактоого ушул Нускаманын талаптарына жооп берген атайын жабдылган имарат жай болгондо жол берилет.

66. Курал-жаракты оңдоого лицензия Кыргыз Республикасынын ИИМи тарабынан алардын жетекчилеринин атына 2 жылдык мөөнөткө берилет.

67. Курал-жаракты оңдоого кабыл алуу төмөнкүдөй жүргүзүлөт:

а) жарандардан - курал-жаракты сактоого ички иштер органдарынын уруксаты жана инсандыгын күбөлөндүргөн документтери болгондо;

б) уюмдардан - уюмдун өкүлүндө курал-жаракты сактоого ички иштер органдарынын уруксаты, уюмдун жетекчисинин коштоочу каты, ишеним кат жана инсандыгын күбөлөндүргөн документ болгондо.

68. Ок атуучу курал-жаракты-оңдоо устаканасында оңдолгондон кийин берүү төмөнкүдөй жүргүзүлөт:

а) жарандарга - устакананын квитанциясы, курал-жаракты сактоого ички иштер органдарынын уруксаты жана инсандыгын күбөлөгөн документ болгондо;

б) уюмдардын өкүлдөрүнө - устакананын квитанциясы, курал-жаракты сактоого ички иштер органдарынын уруксаты, ишеним кат жана инсандыгын күбөлөндүргөн документ болгондо.

69. Курал-жарактын ээси же курал-жаракты оңдоого тапшырган уюмдун өкүлү келбегенде квитанцияда көрсөтүлгөн заказды аткаруу мөөнөтү өткөндөн кийин бир ай ичинде курал-жарак аймагы боюнча ички иштер органына берилет.

70. Курал-жарак-оңдоо устаканасына оңдоого келип түшкөн ок атуучу курал-жарактын эсебин алуу үчүн эсебин алуу китеби жүргүзүлөт (15-тиркеме), ага номер коюлуп, шнур өткөрүлүп жана Кыргыз Республикасынын ички иштеринин аймактык органынын мөөрү менен басылып бекитилет.

## 7. Уруксат берүү системасынын объекттерин жана курал-жарак ээлерин эсепке алууну жүргүзүү

71. Курал-жаракты сактоочу жана пайдалануучу ар бир ишканага ички иштер органында эки бөлүмдөн турган эсепке алуу иши жүргүзүлөт. Биринчи бөлүмдө ишкананын курал-жаракты сатып алуусуна уруксатты тариздөө үчүн негиз катары кызмат өтөгөн материалдар, аны сактоого жана пайдаланууга уруксаттар, айкындалган укук бузуулар жөнүндө маалыматтын жана көрсөтмөлөрдүн жана аларга жооптордун көчүрмөлөрү камтылат. Экинчи бөлүмдө - курал-жарак менен иштөөгө жол берилген адамдардын тизмеси, аларды текшерүүлөрдүн материалдары, ички иштер органдарынын кызматкерлери ишканаларды текшерүүлөрдү жүргүзгөндүгү жөнүндө актылар жана рапорттор камтылат.

72. Газ курал-жарагын сатып алууга уруксат алган адамдардын жана ок атуучу курал-жарактын ээлерин эсепке алуу журнал боюнча жүргүзүлөт, анда төмөнкүлөр камтылат: ээлик кылуучунун аты-жөнү; жашаган жеринин дареги; курал-жарактын түрү, модели, калибри, сериясы жана номери; аны сактоого жана алып жүрүүгө уруксаттын номери, анын колдонуу мөөнөтү; ээлик кылуучунун жашаган жери боюнча ок атуучу курал-жарактын сакталышын текшерүүлөрдү өткөрүү жөнүндө белгилер; курал-жаракты эсепке алуудан чыгаруунун себептери жөнүндө белгилер (16-тиркеме).

